ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

«Бекитемин»

ОшМУнун ректору__________Кожобеков К. Г.

«22» ___06___ 2020-ж.

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Багыты: 531600 Теология

Профиль: Теология

Академиялык даражасы: бакалавр

2020-2021-окуу жылы

Окутуу формасы

Күндүзгү

Ош, 2020-2021-окуу жылы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**531600 – «Теология» багыты боюнча бакалавр программасынын 2020-2021-окуу жылы үчүн түзүлгөн негизги билим берүү программасы теология факультетинин Окумуштуулар кеңешинин «__» __________ жыйынында каралды.**

**Теология факультетинин**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Ажимаматов З. К.**

**«Каралды»**

**ОшМУнун окуу-информациялык**

**департаментинин директору:** **Арапбаев Р. Н.**

**«Каралды»**

**ОшМУнун аккредитация жана билим берүүнүн**

**сапаты департаментинин директору:** **Алтыбаева М.А.**

**«Макулдашылды»**

**ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору:** **Божонов З.С.**

Текшерилди

**Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы**

**Багыты: 531600 Теология**

**Профиль: Теология**

**Академиялык даражасы: бакалавр**

**1. Жалпы жоболор**

531600 ТЕОЛОГИЯ багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарына жана башка нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

1.2. Бул жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү сферасындагы Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- негизги билим берүү программасы - даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну уюштурууну, максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун көрсөтүүчү окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;

- даярдоонун багыты – түрдүү профилдеги жогорку кесиптик билими бар (адис, бакалавр, магистр) кадрларды даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

- профиль – кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси жана (же) конкреттүү көрүнүшкө НББПнын багытталышы;

- дисциплиналар циклы – Окутуунун натыйжаларына жана максатына, тарбиялоого ылайыкталган анык логикалык жыйынтыктыкка ээ болгон дисциплиналардын жыйындысы же билим берүү программасынын бөлүгү;

- модуль - Окутуунун натыйжаларына жана максатына, тарбиялоого ылайыкталган анык логикалык жыйынтыктыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;

- компетенция – тийиштүү багытта кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн комбинациясы;

- бакалавр – жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөн, нормативдүү окуу мөөнөтү 4 жылдан кем болбогон тараптарга ыйгарылуучу академиялык даража. Ал белгилүү кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө жана тийиштүү багыт бонча «магистр» даражасын алуу үчүн билимин улантууга укук берет;

- кредит (зачеттук бирдик) - негизги кесиптик билим берүү программасынын өлчөмүнүн шарттуу чени;

- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасын окутуунун жыйынтыгында калыптануучу компетенциялар.

1.3. НББПда төмөнкүдөй кыскартуулар кездешет:

ЖКББ – жогорку кесиптик билим берүү;

МББС – мамлекеттик билим берүү стандарты;

НББП – негизги билим берүү программасы;

ОУБ – окуу-усулдук бирикме;

НББП ДЦ – негизги билим берүү программасынын дисциплиналар циклы;

ЖМК - жалпы маданий компетенциялар;

ИК - инструменталдык компетенциялар;

КК - кесиптик компетенциялар;

КИК - коомдук-инсандык компетенциялар;

ОН – окутуунун натыйжалары.

Максаты жана күтүлүүчү натыйжалар. Бакалаврларды даярдоодо НББПна талаптар

2.1. Инсанды окутуу жана тарбиялоо үчүн 531600 ТЕОЛОГИЯ багыты боюнча ЖКББнын НББПнын максаттары, окутуунун натыйжалары.

**2.1.1 531600 Теология багыты боюнча ББПнын максаты жана милдети:**

М-1. Студенттерде инсандык сапаттарды өнүктүрүү, теология багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу .

М-2. Теология багыты боюнча алган билимдерин илимий негизде улантууга, диний маселелерди илимий чечүү жолдорун сунуштай алган жана эксперттик ишмердүүлүккө колдонууга даяр адис болуу менен динге байланыштуу бардык тармактарда тиешелүү тараптардын талаптарына жараша адистерди даярдоо.

2.1.2. ББПнын чегинде окутуунун натыйжалары максат жана милдеттерине ылайык аныкталган.

ОН-1: ЖМК1+ЖМК2+ЖМК3+КИК4

Айлана –чөйрө жөнүндө илимий билимдердин толук системасына ээ болуу менен табигый, гуманитардык, так илимдердин негизги жоболорун кесиптик маселелерин чечүүгө колдонууга жөндөмдүү, заманбап информациялык технологияларды колдонуу менен жаны билимдерди өздөштүрөт.

ОН-2: ЖМК4+ЖМК5+ЖМК6+ ИК2+ИК3+ИК4

Ишмердүүлүгүндө жаны заманга ылайык ыкмаларды, илим, техника жана технологияны колдонуу аркылуу, кесиптик чөйрөдөгү жаны кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий таасирлерин аныктай алат. Ошондой эле өзүнүн жазма жана оозеки ою мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык ырааттуулук менен аргументтүү так түзө алат№

ОН-3: ИК1+ИК5+КК4

Информацияны кабылдайт, жалпылайт жана анализдейт, максатты коет, ага жетүүнүн жолдорун тандайт, информацияны пайдалануунун негизги методдорун, билет, компьютер менен иштей алат.

ОН-4: КИК1+КИК2+ КИК3

Коомдук байланышты курууга, толеранттуу жана партнердук мамилелерди түзүүгө, сактоого жөндөмдүү жана өзүн сын көз менен баалай алат, ошондой эле активдүү жарандык позицияга ээ болот.

ОН-5: КК1+КК2+ КК3+КК7+ КК5+КК6+ КК8+КК9

Теология багытында илим-изилдөө, социалдык-практикалык, окуу-тарбиялык жана агартуучулук ишмердүүлүгүн жүргүзө алат, эксперттик-консультациялык маселелерди чече алат.

ОН-6: КК10+КК11

Диний уюмдардын ичиндеги, диндер аралык, маданий (цивилизациялык), коомдук, мамлекеттик жана илимий маанидеги тарыхый, типологиялык билимдерди өкүлчүлүк-далдалчылык функцияларды аткарууда колдоно алат.

ОН-7: КК12+КК13

профилдик-адистештирилген ишмердүүлүктө теология жаатындагы базалык билимдерди активдүү колдонот, философиянын, тарыхтын, филологиянын фундаменталдык бөлүктөрүнүн адистештирилген билимдерин теологиялык дисциплиналарды өздөштүрүүгө пайдаланат.

ОН-8: ИК6+КИК5+КК15+КК16+КК17

Коллективде жана дисциплиналар аралык долбоорлордо иштей алат, уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүгүн жүргүзө алат.

2.2. Бакалаврды даярдоодогу НББПны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар.

531600 ТЕОЛОГИЯ багыты боюнча "бакалавр" академиялык даражасына ээ болуучу бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болушу зарыл:

Жалпы компетенциялар:

**а) универсалдык:**

*- жалпы маданий (ЖМК):*

Айлана –чойро жонундо илимий билимдердин толук системасына ээ болуу менен турмуштук, маданий баалуулуктарында чаташпай багыт таап кете алат;(ЖМК-1)

Математикалык, табийгый, гуманитардык, экономикалык илимдердин негизги жоболорун кесиптик маселелерин чечууго колдоно алат; (ЖМК-2)

Заманбап информациялык технологияларды колдонуу менен жаны билимдерди оздоштурууго жондомдуу; (ЖМК-3)

Ишмердуулугундо изилдоочулуктун негизги ыкмаларын колдонуу менен проекттердин устундо иштоодо салттуу ыкмаларды ишке ашырууга жаны заманга ылайык ыкмаларды колдоно алат; (ЖМК-4)

Илимде, техникада жана технологияда, кесиптик чойродогу жаны кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий таасирлерин анализдей жана баалай алат; (ЖМК-5)

Илимий негизде озунун эмгегинин натыйжаларын жеткиликтуу денгээлде баалай алат. (ЖМК-6)

**- инструменталдык (ИК):**

Информацияны кабылдайт, жалпылайт жана анализдейт, максатты коет, ага жетуунун жолдорун тандайт;(ИК1)

Озунун жазма жана оозеки речин мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык ырааттуулук менен аргументтуу так тузо алат;(ИК-2)

Чет тилдердин биринде социалдык пикирлешууго жетиштуу денгээлде жондомдуулукко ээ; (ИК-3)

Иштиктуу баарлашуу жондомдуулукко ээ: коомчулуктун алдында чыгып суйлоо,суйлошуу жургузуу, кенешмелерди откоруу, коммуникациянын электрондук каражаттарды колдонууну камтыган иштик кат алмашуу жондомуно ээ;(ИК-4)

Информацияны алуунун, сактоонун жана кайра иштеп чыгуунун негизги методдорун, ыкмаларын билет, информацияны башкаруунун каражаты катары компьютер менен иштоо тажрыйбасы бар (ошонун ичинде глобалдык компьютердик желелерде жана корпоративдик информациялык системаларда); (ИК-5)

Уюштуруучулук чечимдерди иштеп чыгууга катыша алат.(ИК-6)

**- коомдук- инсандык компетенциялар(КИК):**

Коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук нормалардын негизинде коомдук (социалдык) алакалашууга жондомдуу, адамдарга сый мамиле жасай алат, башка

маданиятка толерантуулук, партнердук мамилелерди тузууго жана сактоого жондомдуу;(КИК-1)

Озунун артыкчылыктарын жана кемчиликтерин сын коз менен баалап, артыкчылыгын онуктурууго жана кемчиликтеринен арылууга керектуу каражаттарды иргеп алууга жондомдуу;(КИК-2).

Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог жургузо алат жана активдуу жарандык позицияга ээ боло алат.( КИК-3)

Алган билимдерин жашоонун таза образын, табиятты коргоого жана ресурстарды рационалдуу пайдаланууга колдонот; ( КИК-4).

Коллектив ичинде ошондой эле дисциплиналар арасындагы проекттерде иштей алышат.( КИК-5).

**б) кесиптик компетенциялар (КК):**

*- илим-изилдоо тармагында:*

а) теологиянын негизги болуктору жонундогу билимдерди пайдалана алат жана алардын ортосундагы оз ара байланыштарын так, даана коро алат, изилдоо темасы боюнча информацияларды топтоп,систeмалаштырат жана анализдейт, илимий-изилдоо иштеринде колдонулуучу негизги принциптерди жана ыкмаларды пайдаланууга даяр, теологиялык билимдердин биримдигин эске алуу менен жетишилген натыйжаларды илимий мейкиндикке кошо алат(КК-1);

б) теологиялык мазмунга ээ болгон маселелерди чечуунун стандарттык ыкмаларын колдоно алат(КК-2)

в) теологиялык проблематикалык илимий изилдоолорго катышат (КК-3)

г) азыркы замандагы информациялык коомдун онугуусундогу информациянын маани-манызын тушунот, бул процессте пайда болуучу жагымсыз кырдаалды андайт,информациялык коопсуздукту, анын ичинде мамлекеттик сырларды да коргоонун жана сактоонун ыкмаларын билет; информацияны издеп табуунун, аны сактоонун жолдорун билет, информацияны башкаруунун каражаты катары компьютерде иштегенди билет; глобалдык желедеги информация менен иштейт (КК-4);

*- окуу-тарбиялык жана агартуучулук ишмердуулук жаатында:*

а) окуу курстарынын элементтерин иштеп чыгуунун негизги ыкмаларын жана принциптерин колдонот жана методикалык материалдарды даярдайт; жалпы жана атайын курстардын илимий булактарын тузот жана библиографиялык маалымдоолорун тузо алат (КК-5)

б)орто жана жогорку жайларында (мугалимдин жетекчилиги менен ) окуу-уюштуруучулук жана тарбиялык принциптерди колдонот; окуучулардын оз алдынча окууларын жана сабактан тышкаркы чараларын уюштурат (КК-6);

*- Социалдык-практикалык жаатта:*

а) практикалык ишмердуулукто теологиялык негиздерди, принциптерди, ыкмаларды жана бул ишмердуулуктун ар кыл формаларын пайдаланат; диний уюмдардын практикалык ишмердуулутун изилдоого катышат жана бул изилдоолордун натыйжаларын колдонот (КК-7)

*-Эксперттик-консультациялык ишмердуулукто:*

а)кесиптик ишмердуулук жаатына тиешелуу материалдарды топтойт, системалаштырат жана анализдейт (КК-8)

б)анализдоонун натыйжаларын конкреттуу профилдик эксперттик-консультациялык маселелерди чечууго пайдаланат (КК-9);

*-окулчулук-далдалчылык жаатында:*

а)диний уюмдардын ичиндеги, диндер аралык, маданий (цивилизациялык), коомдук, мамлекеттик жана илимий маанидеги тарыхый, типологиялык билимдерди пайдаланат (КК-10);

б)аталган билимдерди диний уюмдар катышкан координациялык структураларда иштоодо, окүлчүлүк-далдалчылык функцияларды аткарууда теологдун кесиптик ишмердуулугундо колдонот (КК-11);

*- профилдик-адистештирилген ишмердуулук жаатында:*

а) теология жаатындагы базалык билимдерди активдуу колдонот, философиянын, тарыхтын, искусство таануунун, филологиянын фундаменталдык болукторунун атайындаштырылган билимдерин теологиялык дисциплиналарды оздоштурууго пайдаланат (КК-12);

б)алдына коюлган кесиптик маселелерди чечуудо (профилдик багытына жараша)заманбап техникалык каражаттарды жана информациялык технологияларды колдонот (КК-13);

*-Социалдык-практикалык ишмердуулук жаатында:*

а) практикалык ишмердүүлүктүн теологиялык негиздери, принциптери, ыкмалары жана ар кыл формалары жөнүндөгү билимдерди колдоно алат; конфессиянын практикалык ишмердүүлүгүн изилдөөгө катыша алат жана анын натыйжаларын колдонот (КК-14);

*-уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердуулук жаматында:*

а)экономика, экономикалык окуулардын жана социалдык башкаруу жаатындагы базалык билимдерди колдоно алат (КК-15);

б)чакан группада башкаруучулук жондому жана тажрыйбасы бар, коомдук информациялык жана консультациялык жумуштарды (музейлерге экскурсия, мектептерде олимпиада, китептердин жана музейлерде коргозмо откоруу) алып баруучулук тажрыйбасы бар (КК-16);

в)китептер, журналдар, создуктор жана энциклопедиялык долбоорлорду, автордук жамааттардын ишмердуулугун уюштурат (КК-17).

**2.3. Абитуриенттердин даярдык деңгээлине талаптар.**

2.3.1. "Бакалавр" академиялык даражасын алуу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли - жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим.

2.3.2. Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

**2.3. Теология- 531600 багытында даярдоонун бутуруучулордун кесиптик ишмердуулугунун мейкини томонкулорду камтыйт:**

- жалпы орто билим беруу жана кесиптик орто билим беруу мекемелерин (орто мектептер,лицейлер,гимназиялар ж.б.);

- жогорку билим беруу, маданият жана ММКлардын мекемелерин, диний маселелер менен байланышкан академиялык жана илим-изилдоочу уюмдарын, диний бирикмелер менен алакалашкан мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерин.

**2.4. Теология-531600 багытында даярдоонун бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик обьектилери болуп:**

-жалпы орто жана кесиптик орто билим берүүнүн окуучуларын окутуу;

- окуу процессинде уюштуруучулукту, технологиялык коштоо жана консультациялык иштерди камсыздоо;

- музей экспонатттарын иреттештирүү, мүнөздөмөлөө жана экскурсияларды өткөрүү;

- китепканалардагы жана архивдеги диний жана дин таануу боюнча материалдарды жана адабияттарды каталогдоштуруу,

- дин боюнча материалдарды анализден өткөрүү аркылуу ММКларда консультациялык кеңеш көрсөтүү жана басылмаларга материалдарды берүү;

- басмаканаларга диний жана дин таануучулук боюнча адабияттарга жалпы жана илимий редакциялык жардамдашуу;

- мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишмердүүлүгүнүн чегинде диний уюмдар менен иш алып баруу.

**2.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү;**

- илим изилдөөчүлүк;

- педагогикалык;

- уюштуруучулук-башкаруучулук;

| | | |
|---|---|---|
| | | доору) |
| | | Дисциплина аралык мамлекеттик аттестац тарыхы, Кыргызстан географиясы, Кырг адабият) |
| | 8 | Профилдик базалык практика |
| | 9 | Дене тарбия |
| | | **Баары** |
| 5-семестр | | |
| Цикл ПЦ | 1 | Ислам юриспруденциясы |
| | 2 | Исламская этика |
| | 3 | (ЖОЖ компоненти) Куран |
| | 4 | (ЖОЖ компоненти) Ислам мазхабтар тары |
| | 5 | (ЖОЖ компоненти) Араб тили |
| | 6 | (Тандоо курсу) Тил жана аң-сезим |
| | | **Баары** |
| 6-семестр | | |
| Цикл ПЦ | 1 | Хадис таануу |
| | 2 | (ЖОЖ компоненти) Тефсир |
| | 3 | (ЖОЖ компоненти) Араб тили |
| | 4 | (ЖОЖ компоненти) Дин педагогика предметтердин окутулушунун методикасы |

13

Бүтүрүүчүлөр ээ болор билиминин мазмуну ЖОЖд менен биргеликте иштеп чыг

**2.6. Бүтүрүүчүлөрдүн кесі**

*илимий-изилдөөчүлүк ишме*

- теология, теологиялык жана мазмунуна ээ болуу;

- теология, теологиялык жана мазмунуна ээ болуу;

- теология, теологиялык жан электрондук каражаттардын табуу жөндөмдүүлүгү.

*педагогикалык ишмердүүлү*

- коом таануу курсундагы тармактарындагы диндердин теологияны,диний философ жондомдуулугу;

- орто билим беруу мектеб лекциянын,сабактын жана билимдерин логикалык негиз

- берилип жаткан сабактын маданий турмушунун ар тур алмашуу,дискуссиялоо жана жондомдуулугу;

- кезектеги сабактарга даяр материалдарды козомолдоо жана окуучулардын билимин баалоо жондомдуулугу;

- окуу процессинин чегинде психологиялык-педагогикалык ыкмаларга ээ болу;

- озунун педагогикалык ишмердуулугун рационалдык негизде уюштуруу жана пландаштыруу менен оздоштурулгон билимдерди турмуштук позицияны калыптандырууга жана ондуруштук маселелерди чечууго жондомдулугу;

уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүк:

- уюштуруучулук жана уюштуруучулук эмес мааниде, эл аралык тармакта эффективдуу оз ара байланыштуулук;

- ишке байланышкан кат алмашуу жондомдуулугу;

**3. Максат менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы:**

| | М-1 | М-2 |
|---|---|---|
| ОН-1 | + | |
| ОН-2 | | + |
| ОН-3 | + | |
| ОН-4 | | + |
| ОН-5 | + | |
| ОН-6 | + | + |
| ОН-7 | + | |
| ОН-8 | | + |

Компетенциялардын окутуунун натыйжаларына дал келүүчүлүк матрицасы:

| № | Калыптандыруучу компетенциялар | Окутуунун натыйжасы |
|---|---|---|
| | ЖМК1+ЖМК2+ЖМК3+КИК4 | ОН-1 |
| | ЖМК4+ЖМК5+ЖМК6+ИК2+ИК3+ИК4 | ОН-2 |
| | ИК1+ИК5+КК4 | ОН-3 |
| | КИК1+КИК2+КИК3 | ОН-4 |
| | КК1+КК2+ КК3+КК7+ КК5+КК6+КК8+КК9 | ОН-5 |
| | КК10+КК11 | ОН-6 |
| | КК12+КК13 | ОН-7 |
| | ИК6+КИК5+КК15+КК16+КК17 | ОН-8 |

**4. «Теология» багыты боюнча**

## ЖУМУШЧУ ОКУУ ПЛАНЫ

**Квалификациялык академиялык даражасы:** ***Жогорку "бакалавр"***
**Нормативдик окуу мөөнөтү:** ***4 жыл***

| Блоктор | № п/п | Дисциплинанын аталышы | Саат-тар | ECTS б-ча кредит |
|---|---|---|---|---|
| 1-Семестр | | | | |
| Цикл ГСЭ | 1 | Кыргыз тили жана адабияты | 180 | 2 |
| | 2 | Орус тили | 120 | 4 |
| | 3 | Педагогика | 120 | 2 |
| | 4 | Философия | 60 | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Баары** | **900** | **30** |
| | | **ЖАЛПЫ** | **7600** | **240** |

**5. "Теология" багыты боюнча билим берүү программасынын компетенциялар картасы**

**1-Тиркеме**

**6. Билим берүүнүн программасынын мөөнөтү**

Бакалавр даражасынын базалык билим берүү программасын өздөштүрүүнүн стандарттык мөөнөтү 4 жыл түзөт. Окутуунун формасы: күндүзгү

**7. Эмгек сыйымдуулугу**

531600 «Теология» багыты боюнча бакалавр билим берүү программасынын окуу жүктөмү 240 кредит. Бул ар бир окуу жылы үчүн 60 кредитти түзөт. 1 кредит студенттин 30 сааттык окуу ишине эквиваленттүү. Программанын окуу жүктөмү аудиториялык сааттарды, студенттин өз алдынча иштөөсүн, практиканын бардык түрүн жана мамлекеттик аттестациялык экзаменди камтып турат.

**8. Анализ и потребности рынка труда в выпускниках данной ОП**

- ОшМУнун теология факультетинин бүтүрүүчүлөрү үчүн иш берүүчүлөр КМДБ, облустук жана шаардык казыяттар, муфтиятка караштуу медреселер КРнын мамлекеттик диний комиссиясы, ОшМУнун ыйман гимназиясы негизги орунда турат.

- теология факультети негизги орунда турган иш берүүчү мекемелер менен тыгыз иш алып барууда. Ал мекемелердеги муктаждыктарга жараша факультет бүтүрүүчүлөрү багытталууда. Өзгөчө облустук жана шаардык казыяттарда биздин бүтүрүүчүлөрүбүздөн жок дегенде бирөөсү ар түрдүү кызматтарда эмгектенип келишүүдө. Алар менен менен тыгыз байланышта иш алып барууудабыз. Келишимдин негизинде Ош шаардык жана облустук казыяттарга факультеттин студенттерин практикага стажировка үчүн жиберип жатабыз. Казыяттын талаптарын эске алып, студенттерибизге мечиттерде хутба окуп, вааз (маселе) айтууну үйрөткөн, компютерди эркин пайдалана алган билимдүү жана компотенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдап жатабыз.

- Мамлекеттик диний концепциянын негизинде мамлекеттин талабына жараша дин таануу, дин маданияты тарыхы сыяктуу предметтерди мектеп программасында окутууга жөндөмдүү, заманбап технологияларды колдоно алган билимдүү теологдорду даярдоо теология факультетинин негизги максаты болуп эсептелет.

**9. Абитуриенттердин даярдык деңгээлине талаптар.**

2.3.1. "Бакалавр" академиялык даражасын алуу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли - жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим.

2.3.2. Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

**10. Билим берүү программасынын кадрдык жактан камсыздалышы:**

| № | Фамилия | Имя | Отчество | Кандидат наук | Phd |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ажимаматов | Зайлабидин | Касымович | | «Дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD) |
| 2. | Арипов | Ниязалы | Турдалиевич | | «Дин философиясы жана дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD) |
| 3. | Жусубалиев | Али | Бурканович | | «Дин философиясы жана дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD) |
| 4. | Кадыров | Медербек | Акбаралиевич | | «Дин философиясы жана дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD) |
| 5. | Калбердиев | Абдилазиз | Рахманбердиевич | | «Дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD) |
| 6. | Козукулов | Тимур | Алимбекович | Саяс. и.к | |
| 7. | Масиралиев | Шумкар | Паизович | | «Дин философиясы жана дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD) |
| 8. | Зууридинов | Осконбай | Анаркулович | | |
| 9. | Жумабаев | Максатбек | Абдумуталипович | | |
| 10. | Тажибаев | Санжар | Лочинбеко-вич | | |
| 11. | Козалы | Абдуррахим | | | Философия доктору (PhD) |
| 12. | Өзтүрк | Юсуф | | | |
| 13. | Йосиф | Али Зарзур | | | |
| 14. | Доган | Юсуф | | | Философия доктору (PhD) |

**11. Инфраструктура, билим берүү каражаттары жана сервис.**

Теология факультетинде окуган студенттердин санынын пределдик контингенти 150, ал эми окуу процессинде колдонулуп жаткан окуу аянты 1422 $м^2$ болгондуктан, 1 студентке $10м^2$ окуу аянты туура келет, б.а. окуу аянты менен 100% камсыз болгон. "Теология" багыты боюнча студенттердин сапаттуу билим алуусу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактар атайын адистештирилген, сапаттуу билим алышы үчүн бардык шарттар түзүлгөн лекциялык кабинеттерде жана

практикалык сабактарды өтүүчү аудиторияларды өткөрүлөт. Факультетте 1компьютердик класс (15 компьютер), 32 компьютер, 7 принтер, 2 сканер, 9 интерактивдүү доска бар. Окутуучулардын кабинеттери жана компьютердик класстардын бардыгы интернет тармагына туташтырылган.

## 12. Божомолдуу жумуш берүүчүлөрдүн тизмеси:

| № | Иш берүүчү мекеменин жетекчиси | Иш берүүчү мекеменин аталышы | Кызматы | Телефону |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанов Авазбек | Ош шаардык билим берүү башкармалыгы | Төрага | 0772538655 |
| 2 | Өмүрзакова Турсунай | К. Р. Илимдер Академиясынын Түштүк Бөлүмү | Бөлүм жетекчиси | 0773060706<br>0559242425 |
| 3 | Мурзабеков Ысакбай | К.Р. Мамлекеттик диний комиссиясынын түштүк бөлүмү | Түштүк бөлүм жетекчиси | 0770877800<br>0550501577 |
| 4 | Маматов Талант | ОшМУнун ыйман гимназиясы | ОшМУнун ыйман гимназиясынын директору | 0770669320 |
| 5 | Уламкадырова Сейдана | Компаньён Инвест Банк | Компаньён Инвест Банк өкүлү | 0778297887 |
| 6 | Жапашова Жамийла | «Ыйман бакыт» коому | «Ыйман бакыт» коомунун төрайымы | 0557222126 |

## Окуу планындагы базалык дисциплиналардын программасына аннотация

### Кыргыз тил жана адабият

1.Кыргыз тили жана адабият предметин өздөштүрүүнүн максаты: Студенттердин мамлекеттик тилде кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөө, жазуу, окуу, угуу) өстүрүү;

алган билим, көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктөрүндө туура пайдаланууга көнүктүрүү

кыргыз элинин маданий баалуулуктары менен тааныштыруу жана түшүнүктөрүн терендетүү:

а) кыргыз элинин тарыхы ;

б) каада-салттар, үрп-адаттар

в) тарыхый инсандар;

г) чечендик өнөр;

д) кыргыз географиясы (жаратылышы)

- аталган дисциплина аркылуу мекенчил болууга, эли-жерин сыйлоого тарбиялоо.

Ошондой эле Кыргыз эл акындарын, жазуучуларын жана алардын чыгармаларын билүү менен бирге, адабий тилдин нормасынын негизинде сүлөгөн, кыргыз элинин материалдык жана моралдык баалуулуктарын сыйлаган, патриот жаштарды калыптандыруу.

2. НББПдагы орду: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (ГК-1.1), 8 кредит – 240 саат.

3. Кыскача мазмуну

Жалпы жана терминологиялык мүнөздөгү 2000 сөз, сөз айкашы көлөмүндө лексикалык минимум. Колдонуусуна жараша лексикалык айырмалоо (турмуш-тиричилик, терминологиялык, официалдуу ж.б.). Тилдин негизги закон ченемдүүлүктөрү жөнүндө түшүнүк. Эркин жана туруктуу сөз айкаштары, фразеологиялык бирдиктер жөнүндө түшүнүк. Сөз жасоонун негизги ыкмалары жөнүндө түшүнүк. Байланыштуу кепти оозеки жана жазуу түрүндө түзүүгө талап кылынган негизги грамматикалык каражаттар жөнүндө түшүнүк. Сүйлөө. Маек, жеке кеп салуу формасында эң керектүү жана жөнөкөй лексикалык, грамматикалык каражаттарды колдонуу менен негизги байланыштуу кырдаалдарында пикирлешүү жана оюн баяндоо. Окуу. Турмуш-тиричилик жана мекен таануу тематикасындагы жана кесипке байланыштуу текстти окуп түшүнүү. Жөнөкөйлөнүштүрүлгөн көркөм тексти окуп түшүнүү. Жазуу. Диктант, изложение, чакан сочинение, билдирүү, кат, өмүр баян. Кыргыз эле акындары менен жазуучулары жана алардын чыгармалары окуп үйрөтүү

4. Күтүлүүчү натыйжалар: ИК2, ИК4

## Орус тили

1. Орус тили предметин өздөштүрүүнүн максаты: Студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө активдүү роль ойноочу кептик билим жана билгичтиктерин калыптандыруу.

2. НББПдагы орду: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (ГК-1.2), 8 кредит – 240 саат.

3. Кыскача мазмуну: Лексический минимум в объеме 2000 учебных лексических единиц общего и терминологического характера. Понятие дифференциации лексики по сферам применения (бытовая, терминологическая, общенаучная, официальная и др.). Понятие о свободных и устойчивых словосочетаниях, фразеологических единицах. Понятие об основных способах словообразования. Грамматические навыки, обеспечивающие коммуникацию без искажения смысла при письменном и устном общении общего характера; основные грамматические явления, характерные для профессиональной речи. Понятие об обиходно-литературном, официально-деловом, научном стилях, стиле художественной литературы. Основные особенности научного стиля. Говорение. Диалогическая и монологическая речь с использованием наиболее употребительных и относительно простых лексико-грамматических средств в основных коммуникативных ситуациях неофициального и официального общения. Основы публичной речи (устное сообщение, доклад). Чтение. Виды текстов: несложные, прагматические тексты, тексты по

широкому и узкому профилю специальности. Письмо. Виды речевых произведений: аннотация, реферат, тезисы, сообщение, частное письмо, деловое письмо, биография.

4. Күтүлүүчү натыйжалар: ИК-2 , КИК-1, КК-17

**Чет (англис) тил**

1.Англис тили предметин өздөштүрүүнүн максаты: Студент келечекте кесибинде англис тили боюнча алган билимин пайдалана билүү. Өзүнүн кесибине түшүнүү менен терең мамиле жасоого тарбиялоо. Студенттердин жалпы маданий кругозорун кеңейтүү;Алган билимдерн пайдаланып, өз ара сүйлөшө билүү. Өз алдынча илимий-экономикалык, адабий мазмундагы адабияттарды түшүнүп, окуй билүү. Интеллектуалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуу үчүн тынымсыз изденүү.

2. НББПдагы орду: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (ГК-1.3), 8 кредит – 240 саат.

3. Кыскача мазмуну: Үйрөнүп жаткан тилдин тыбыштарды айтуудагы өзгөчөлүктөрү, интонация, басым жана сөздүн нейтралдуу ритми: профессионалдуу баарлашуудагы толук стилдин негизги өзгөчөлүктөрү, транскрипциялардын окулушу. 500 ден кем эмес өлчөмдө лексикалык жалпы жана терминологиялык бирдик. Лексиканы колдонуу (турмуш-тиричилик, терминологиялык, жалпы илимий, официалдуу ж.б.) чөйрөсүндө дифференциация түшүнүгү. Фразеологиялык бирдиктеги эркин жана туруктуу сөз айкаштары жөнүндө түшүнүк. Сөз жасоонун негизги жоболору тууралуу түшүнүк. Оозеки жана жазуу жүзүндө баарлашуудагы грамматикалык көнүгүүлөр, профессионалдуу кепке тиешелүү болгон грамматиканын негиздери. Көркөм, күнүмдүк, официалдуу жана илимий стилдер жөнүндө түшүнүк. Илимий стилдин негизги өзгөчөлүктөрү. Чет элдик каада-салт, маданият жана кеп этикетинин эрежелери. Сүйлөө. Официалдуу жана официалдуу эмес баарлашуунун негизги коммуникативдик жагдайлардагы көбүрөөк колдонулуучу жана жөнөкөй лексикалык, грамматикалык каражаттарды пайдалануу менен диалог жана монологдор түзүү. Оозеки кептин (доклад) негиздери. Аудиожазуу. Турмуш –тиричилик жана профессионалдык коммуникация чөйрөсүндө диалог жана монолог түшүнүктөрү. Окуу. Тексттин түрлөрү, жазуу. Кептик чыгармачылыктын түрлөрү: аннотация, реферат, тезис, кат, биография ж.б.

4. Күтүлүүчү натыйжалар: ИК-2, ИК-3, КК-17

**Ата мекен тарыхы**

1. Ата мекен тарыхы предметин өздөштүрүүнүн максаты: Эң байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейин болгон жана болуп жаткан окуяларга анализ берүү менен бирге мекенге болгон сүйүүнү арттыруу, патриоттуулукка тарбиялоо.

2. НББПдагы орду: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (ГК-1.4), 4 кредит – 120 саат.

3. Кыскача мазмуну: Тарыхый билимдин пайда болушу, формасы жана кызматы. Тарыхты үйрөнүүнүн усулдары жана булактары. Тарыхый булак түшүнүгү классификациясы. Тарыхчылар “кыргыз” этноними жөнүндө. Кыргыз элинин келип чыгуусу жана отурукташуусу жөнүндө үч негизги багыттар. Кыргызстан тарыхы – дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү. Байыркы заман. Сактар, гунндар, усундар. Давань мамлекети. Калк Улуу көчмөн

доорунда, Атилла. Мамлекеттин куралышынын негизги этаптары. Байыркы Орусия жана Улуу даража. Түрк каганаты, социалдык жана аскердик түзүмдүн өзгөчөлүктөрү. Кыргыз мамлекети жана улуу держава. Караханий каганаты, Исламды кабыл алышы. Шаарлар, илим, адабият (Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари). Улуу Жибек Жолу соода сатыгы. Кыргыздар Чынгыз мамлекетинде. 13-14 к. өз ара таасир берүү проблемалары. Темирлан жана орто кылымдагы Европа жана Азия мамлекеттери. Кыргыздардын мамлекеттик – саясий консолидациясы. Тянь-Шанда кыргыздардын этногенез процессинин аякталышы. Кыргызстан 16-17 к. башында. Кыргызстан жана Кокон хандыгы, Кокон хандыгындагы коомдук-саясий жашоосундагы кыргыз феодалдарынын ролу. Акбото бий, Курманжан Датка. Россия менен элчилик – дипломатиялык байланыштар. Россиянын курамында. Кыргызстан – Россия империясынын колониясы. Жаңы административдик территориалдык башкармалык, налогдор, жер саясаты. Кыргызстандагы өнөр жайлардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү. Орус маданияты 19-к. жана анын дүйнөлүк маданиятка салымы. Дүйнөлүк тарыхтагы XX жүз жылдыктын ролу. Революция жана реформалар. Улуттук жана улуттар аралык кагылышуулар. Кыргызстан 1-дүйнөлүк согуш учурунда. Улуттук-боштондук үчүн күрөш 1916-ж. Октябрь рефолюциясы 1917-ж. жарандык согуштун этаптары. 20-жылдардагы өлкөнүн социалдык- экономикалык өнүгүүсү. Улуттук мамлекеттик курулуш программасы. НЭП. Жер-суу реформасы. Бир партиялык саясий режимин түзүү. СССР жана КССР түзүлүүсү. 30-жылдардагы социалдык-экономикалык кайра түзүлүү. Репрессия. Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согушта (1941-1945жж.). Фронтто жана тылда. 1945-1960-жж. Кыргызстандын коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Кыргызстан 1960-1985-жж. коомдо жана экономикада кризистин курчалып өсүүсү. КССР СССРдин кайра курулуу жылдарында (1985-1991-жж.). СССРдин таркашы. Эгемендүү Кыргызстан. Кыргызстан социалдык-экономикалык реформалоо жолунда. Кыргыз Республикасынын маданияты. Жаңы геосаясий абалдагы тышкы саясий ишмердүүлүктөр.

4. Күтүлүүчү натыйжалар: Окуу процессинде «Ата мекен тарыхы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: ЖМК-1,ИК-1, КИК-1

**Философия**

1. Философия предметин өздөштүрүүнүн максаты: Жалпы философиялык көз караштард таанып билүү; Философиядагы проблемаларды, философиядагы онтологиялы метафизикалык, эпистемологиялык, аксиологиялык жана этикалык, социалдык-саяси маселелердин чечмеленишин ачып берүү.

2. НББПдагы орду: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (ГК-1.5), 4 кредит – 120 саат.

3. Кыскача мазмуну: Философия предмети. Маданияттагы философиянын орду жана рол: Философиянын пайда болушу. Философия мектеби жана анын тарыхый өнүгүүсүнү этаптары, негизги багыттары. Философия илиминин структурасы. Бытие жөнүндө оку: Бытиенин монистикалык жана плюралистикалык концепциясы, материалдык жана идеалды түшүнүктөрү. Мейкиндик жана убакыт. Кыймыл жана өнүгүү, диалектика. Детерминизм жан индетерминизм. Динамикалык жана статистикалык закон ченемдүүлүктөр. Дүйнөнүн илимиі философиялык, диний сүрөттөлүшү. Адам, коом жана маданият. Адам жана жаратылыш. Коо жана анын структурасы. Жарандык коом жана мамлекет. Адам социалдык байланы системасында. Адам жана тарыхый процесс: личность жана масса: эркиндик жана муктаждь

Коомдун өнүгүшүнүн формациондук жана цивилизациялык концепциясы. Адамдын келип чыгышынын маңызы. Зордук жана зордук эмес. Эркиндик жана жоопкерчилик. Морал, адилеттүүлүк, укук. Салттык баалуулуктар. Эстетикалык баалуулуктар жана анын адамдын жашоосунда ролу. Диний баалулуктар жана эркиндик. Аң сезим жана таанып билүү. Аң сезим, өзүн-өзү таанып билүү жана личность. Таанып билүү, чыгармачылык, практика. Ишенич жана илим. Түшүнүү жана түшүндүрүү. Таанып билүүдөгү рационалдык жана иррационалдуулук. Акыйкат проблемасы. Чындык, ой, логика жана тил. Илимий жана илимий эмес билимдер. Илимийлүүлүк критерийлери. Илимий таанып билүүнүн структурасы, анын методу жана формасы. Илимий билимдин өсүшү. Илимий революциялар. Илим жана техника. Келечектеги адамзат. Заманбаптуулуктун глобалдуу проблемалары. Цивилизациянын жана келечек сценарийинин өз ара аракети.

4.Күтүлүүчү натыйжалар: ЖМК-1, ЖМК-5, ИК-1, КК-1

## Манас таануу

1. Манас таануу предметин өздөштүрүүнүн максаты: Манас эпосунун кыргыз элинин тарыхый, маданий, салттык маани-маңызын жана кыргыздардын дүйнө таанымын таанытуу.

2. НББПдагы орду: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (ГК-1.6), 2 кредит – 60 саат.

3. Кыскача мазмуну: "Манас" эпосунун келип чыгышы тууралуу: "элдик эпос" терминининин аныктамасы. "Манас" эпосунун пайда болушу, "Манас" эпосу тарыхый летопистерде. Манас таануу – азыркы замандагы илим катары. Манас таануу Совет доорунда: "Манас" эпосунун варианттары: филологиялык жана тарыхый илимдерде "Манас" эпосунун текстологиялык изилдөөлөрү: "Манас" эпосунун текстинин басмадан чыгарылуусу: манас таанунун өнүгүүсүнө мамлекеттик идеологиянын таасири. "Манас" эпосундагы салттык сюжеттер жөнүндө: "Манас" эпосунун салттык сюжети, "Манас" эпосунун салттык сюжетинин өзгөрүлүп жана бурмалануусунун себептери. Кыргыздардын дүйнө таанымы жана манас айтуу искусствосу, манасчы: кыргыздардын дүйнө таанымында; кыргыз рухунун түрлөрү, манасчылардын магиялык функциялары; манасчыладын түрлөрү; манасчылардын феноменалдуулугу; алардын кыргыздардын жашоосундагы орду жана ролу.

4. Күтүлүүчү натыйжалар: ЖМК-2, ИК-1, ИК-2

## Кыргызстандын географиясы

1. Кыргызстандын географиясы предметин өздөштүрүүнүн максаты: Студенттерди Кыргызстандын географиясынын негизги максаттары жана маселелери менен тааныштыруу. Аларга Кыргызстандын физикалык жана экономикалык географиясы боюнча маалымат берүү жана алардын практикалык жеке ишмердигинде Кыргызстандын географиясын окуп үйрөнүүдө колдонуунун айрым ыкмаларын калыптандыруу. Манас чексиз ойдун чексиз күчү экендигин, "Кыргыз" деген сөз "Кырк угуз" (Угуздун кырк баласы) дегенди түшүндүрүп, алгач Күн (Гун) эли деп аталып, "түрк" дүйнөсүнүн башатында тургандыгын далилдеп, студенттердин элге, жерге болгон патриоттук сезимин ойготуу жана бирдиктүү улуттук идеалогияны түзүү жана айлана –чөйрө жөнүндө илимий билимдердин толук системасына ээ болуу болуп саналат.

2. НБППдагы орду: МЕН циклындагы ЖОЖ компонентине кирет (ГК-2.3), 2 кредит – 60 саат.

3. Кыскача мазмуну: Негизги илимий-теориялык түшүнүктөрдү, терминдерди, аларды практикалык жана теориялык тапшырмаларды (маселелерди) чечүү үчүн колдоно билүүсү керек. Билим берүүнүн жана кесиптик ишмердиктин негизги баалуулуктарын, географиялык изилдөөлөрдө позитивдүү жана конструктивдүү уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн негизги ыкмаларын билүү; Предметке таандык терминдик атоолордун маанилерин түшүнүү жана так билүү.
«Кыргызстандын географиясы» предметинин предмет катары калыптанышын жана өнүгүү тарыхын билүү. Дүйнөнүн учурдагы социалдык, экономикалык, саясий жана маданий өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн баалай билүү - кесиптик жана инсандык өсүүнү ишке ашыруунун методолгиялык ыкмаларын билүү.

4. Күтүлүүчү натыйжалар: ЖМК1+ЖМК2+ЖМК3

## Экология

1. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн максаты, күтүлүүчү натыйжалар: Экология курсунун максаты болуп студенттерди негизги экологиялык илимий теориялар жана түшүнүктөр, глобалдык жана регионалдык экологиялык проблемалар менен тааныштыруу аркылуу экологиялык билим берүүнүн зарылчылдыгын ачып көрсөтүү жана курчап турган чөйрөнү коргоо жаатында гармониялуу, интелектуалдуу инсандын калыптануусуна өбөлгө жаратуу саналат. Төмөндөгү милдеттер каралган:

- тирүү организмдердин түрдүү экологиялык системалардагы тиричилик аракетинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, негизги экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруу менен студенттердин дүйнөгө болгон илимий таанымын калыптандыруу;
- биологиялык макросистемалар (популяция, биоценоз, биогеоценоз-экосистема, биосфера) жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу менен Кыргызстандын экоситемалары, өзгөчө корогоого алынган аймактары менен тааныштыруу;
- экологиялык проблемалар, алардын келип чыгуу себептери жана аларды чечүү жолдору менен студенттерди тааныштыруу аркылуу, алардын аң-сезимин экологиялаштыруу, атуулдук патриоттуулугун пайда кылуу жана проблемаларды чечүүгө болгон аракетин пайда кылуу;
- курчап турган чөйрөнү коргоо багытындагы Кыргызстандагы пландар, мыйзамдар, биоартүрдүүлүктү коргоо боюнча стратегиялар жана туруктуу өнүгүүнүн шарттары менен тааныштыруу.
-

2. НББПдагы орду: МЕН циклындагы ЖОЖ компонентине кирет (ГК-2.2), 3 кредит 90 саат.

3. Дисциплинанын негизги мазмуну: Жеке организмдин (особдордун) орду, ага таасир этүүчү абиотикалык факторлор, аларга жараша организмдин ыңгайлануусу өтүлөт. Популяция жөнүндө түшүнүк берилип, популяциянын түрлөрү, структуралары мисалдарды келтирүү менен түшүндүрүлөт. Популяцнын өзүнүн санын өзү башкарып туруусуна өзгөчө маани берилет. Биоценоз, биотоп, биогеоценоз жана экосистема түшүнүктөрү каралат. Андан ары биогеоценоз менен экосистема түшүнүктөрүнүн окшоштуктары жана айырмачылыктары каралат. Бул главанын негизги бөлүгүн биоцеондун структуралары түзөт. Андыктан ага бөлүнгөн окуу жүктөмүнүн негизги бөлүгү жумшалат. Экосистема түшүнүгүн берүүдө Кыргызстандагы негизги экосистемалары мисалдар аркылуу берилет. Экосистема жөнүндө түшүнүк берилгенден кийин экосистемадагы заттардын айлануусу жана энергиянын багыты мисалдар менен бекемделет. Биосфера жана анын структуралар жөнүндө түшүнүк берилет. Андан соң биологиялык жана геологиялык заттардын айлануусу мисалдар менен түшүндүрүлөт. Адам жана коом түшүнүгү камтылат. Социалдык экологияга

- Суроолор негизинен адистикке негизделип түзүлөт.
- Баалоодо студенттин ар бир суроого так, даана жана далилдүү фактылардын негизинде жооп берүүсү каралат
- Өз оюн сабаттуу, туура, логикалуу баяндай алуусу, корутундуларды жана тыянактарды чыгара билүүсү;
- Кесиптик ишмердиги менен байланышкан мисалдарды бере алуусу жана учурдагы маселелер менен айкалыштыра алуусу;
- Аткарылган ишинин маанилүүлүгүн, максатын аныктай алуусу
- Негизги жана кошумча адабияттарды пайдалана алуусу
- Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде өз алдынча көз караштарды берүүсү, тыянак чыгара алуусу;
- Аткарылган иштин мазмуну боюнча презентацияларды түзө билүүсү ж.б.

**Компетенцияларды баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү:**

Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда оозеки баалоонун төмөндөгүчө критерийлери колдонулат:

– “Эң жакшы”
– “Жакшы”
– “Канааттандыраарлык”
– “Канааттандыраарлык эмес”

| Баа | Баалоонун критерийлери |
|---|---|
| Эң жакшы | - экзаменде программалык окуу материалы боюнча ар тараптуу, системалуу жана терең билимин көрсөтө алган,<br>- программада каралган тапшырмаларды эркин аткара билген,<br>- сунушталган негизги адабияттарды өздөштүргөн жана кошумча адабияттар менен таанышкан студентке коюлат.<br>- Эреже катары «эң жакшы» деген баа дисциплинанын негизги түшүнүктөрүнүн өз ара байланыштарын жана алардын өз кесиби үчүн маанисин өздөштүргөн,<br>- программалык окуу материалын түшүнүүдө, баяндоодо жана колдонууда чыгармачыл көндүмдөрүн көрсөтө алган студенттерге коюлат. |
| Жакшы | - экзаменде программалык окуу материалы боюнча толук билим алган,<br>- программада каралган тапшырмаларды ийгиликтүү аткара алган,<br>- сунушталган негизги адабияттарды өздөштүргөн студентке коюлат.<br>- Эреже катары «жакшы» деген баа дисциплина боюнча билимдерин системалуу мүнөздө көрсөтө алган жана аларды андан аркы окуу ишинде, кесиптик ишмердүүлүгүндө өз алдынча аткарууга жана жаңылап турууга жөндөмдүү студентке коюлат. |

| | |
|---|---|
| Канааттандыраарлык | - негизги окуу материалын андан аркы окуусу жана кесиби боюнча алдыда турган иштери үчүн зарыл болгон көлөмдө билген,<br>- программада каралган тапшырмаларды аткарып кете ала турган,<br>- сунушталган негизги адабияттар менен тааныштыгы бар студентке коюлат.<br>- Эреже катары «канааттандырарлык» деген баа экзамендик тапшырмаларды аткарууда жообунда катачылыктарга жол берген, бирок окутуучунун жетекчилиги астында аларды жоюу үчүн зарыл болгон билимдерге ээ студентке коюлат. |
| Канааттандыраарлык эмес | - Стандарттын талаптарына туура келбеген маалыматтар кездешет жана маселеге туура келбеген материалдар колдонулган.<br>- программалык негизги окуу материалы боюнча билимдерин үзгүлтүккө учураткан,<br>- программада каралган тапшырмаларды аткарууда принципиалдуу каталарга жол берген,<br>- сунушталган негизги адабияттар менен таанышпаган,<br>- дисциплина боюнча каралган жана курстун тиешелүү программасына ылайык аныкталган (студенттер өздөштүрүүгө тийиш болгон негизги билимдердин жана билгичтиктердин тизмеси жумушчу программанын милдеттүү элементи болуп саналат) базалык билимдерди өздөштүрбөгөн студентке коюлат. |

Студенттин билимин баалоо жараянындагы эң акыркы чечим Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (МАК) мүчөлөрүнүн коллективдүү талкуусунан кийин гана белгилүү болот жана баалар экзамендин аягында жалпыга маалымдалып, протоколдоштурулат.

**МАК боюнча баалоо каражаттары**

**13. НББПны иштеп чыккандар, эксперттер**

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду | Колу |
|---|---|---|---|
| 1. | Жусубалиев А.Б. | Окуу иштери боюнча декандын орун басары, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доценти | |
| 2. | Масиралиев Ш.П. | Дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын ага окутуучусу | |
| 3. | Кошубаева С.М. | Теология факультеттин диспетчери | |

**Эксперт:** КРнын президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын түштүк аймактык бөлүмүнүн башчысы Мурзабеков И.К.

**Теология факультетинин Административдик Кеңешинин 2020-жылдын 13-июнь күнкү**

**№19 жыйынынын токтомунан кочүрмө**

Катышкандардын саны : 10

**Күн тартиби: Ар түрдүү маселелер:**

**Угулду :** Кафедра башчысы А.Калбердиев ар бир программанын НББПсын даярдоо үчүн жумушчу топту түзүү жана бекитүүнү сунуштады:

050717 Теология багыты боюнча

Орто кесиптик билим берүү программасынын НКББПсын түзүү боюнча жумушчу топ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Калбердиев А.Р. |
| Мүчөлөрү: | Арипов Н.Т. |
| | Жумабаев М.А. |

531600 Теология багыты боюнча

Бакалавр программасынын НББПсын түзүү боюнча жумушчу топ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Жусубалиев А.Б. |
| Мүчөлөрү: | Масиралиев Ш.П. |
| | Кошубаева С. |

Эскертүү: Зууридинов Ө.А. ар бир программанын НББПсындагы практикага байланыштуу маселерди карайт.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

**ОшМУнун теология факультетинин 531600 «Теология» (академиялык даражасы - бакалвр) багыты боюнча негизги билим берүү программасына**

## РЕЦЕНЗИЯ

531600 «Теология» багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП) бакалаврдык даярдоого карата түзүлгөн.

НББПнын максаттары жалпы жана кесиптик компетенцияларды калыптандырууга багытталып түзүлгөн жана ал стандарттын талаптарына жооп берет. Анын структурасы төмөнкү циклдерди камтыйт:

1. Жалпы илимий;
2. Кесиптик циклдерин;
3. Илимий-педагогикалык;
4. Илимий изилдөө практикаларын;
5. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация

Программа төмөнкү документтерден турат:

1. Жалпы жоболор;
2. Программанын максаты жана күтүлүүчү натыйжалар;
3. Жумушчу окуу план;
4. «Теология» багыты боюнча бакалавр билим берүү программасынынын компетенциялар картасы;
5. Окуу планындагы программасына аннотация;
6. Практикалардын программаларына аннотациялар;
7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга карата талаптар;
8. Баалоо каражаттарынын фонду.

Негизги билим берүүнүн программасынын максаты жана окутуунун натыйжасы стейкхолдерлердин талаптары эске алынып түзүлгөн. Ошондой эле НББПнын максат жана окутуунун натыйжаларына ылайык окуу планынын негизинде компетенциялардын картасы берилген. Окуу планынын структурасы логикалык эрежелерге дал келет жана бири-бирин ирети менен толуктап, тастыктап турат.

531600 «Теологиянын магистри» академиялык даражасын алуу үчүн түзүлгөн НББП жетиштүү деңгээлдеги окуу-методикалык документациялар менен камсыздалган.

**КРнын Президентине караштуу**

**Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын**

**түштүк бөлүмүнүн башчысы:** **Мурзабеков И. К.**